# Кыдыр

## Биздин

## олуя-пайгамбарыбыз

Рысбек 2012

# Кыдыр

## Биздин олуя-пайгамбарыбыз

Бул окуя, кыязы, электрондук почта аркылуу америкалыктарды №5-мектепке америкалык футболго болгон чакырык катын алганымда башталды окшойт.  Ал катта

*"Сен өзүң тааныган, америкалыктардын баарын да чакыр"* деп жазылыптыр ал катта.

Ошондо айлана баткак болуп турса да биз жолугуп америкалык футболду кечке чейин

ойнодук.  Андан кийин пивого, токойго, аңчылыкка, тоого, барарда, лыжа тээбүүгө, баскетбол ойнордо жана башка нерселер үчүн да чогулуп жаттык.  Биз Кыргызстан деп аталган Борбор Азиянын чакан өлкөсүн баш пааналаган бир ууч америкалыктар элек. Арабызда дипломаттар, бизнесмендер, миссионерлер, өкмөттүк эмес уюмдарда (ӨЭУ) иштегендер, дарыгерлер, мугалимдер, бир фотограф жана бир жазуучу да бар болчу.  Ий, баса, бир юрист да бар эле.

11-сентябрда болгон окуядан кийин, ошол компаниядагылардын көбү Америкага чакырылып алынган. Мен болсо калып калдым, анткени Кыргызстан менин үйүм болуп калган эле.

Биздин элчилигибиз мусулман дүйнөсүндө болуп аткан коркунучтар тууралуу кетпей калып калган америкалыктарга жарыя кылды. Алар бизге «чогуу сапарга чыкпагыла» деп

эскертишти. Бирок биздин чогулуштар жашообуздун бир бөлүгү болуп калгандыктан 11-сентябрда болгон окуядан кийин бир айдан кийин эле кайрадан он же он экидей киши чогулуп алып, борбор калаанын желкесиндеги кырда жайгашкан боз үй кафеге чубадык.

Шеринебиз адаттагыдай эле болуп атты. Аягында бир мусулман жигит акырын боз үйгө кирип келип, жапыз үстөлдүн астында тегерете салынган кийизде олтурган бизди кыдырата карап отуруп калды.

Баарыбыз тең чайнаганыбызды токтотуп, уруксатсыз кирип келген мусулманды кадала тиктеп калдык. Ал да маңдайында коргоосуз отурган олжолорун тигиле карап турду. Курсагыбызда болсо козунун майы менен шарап айлан-көчөк түшүп атты.

"Ушундай бүтмөк", — деди аңгыча бир америкалык.

"Менин таятам Кыдырга жолуккан адам болгон. Ошондуктан ал өтө кыйын киши болуп, айылбызды башкарып турган. Сиздерге ошол окуяны айтып берсем болобу?" — деди чакырылбаган мусулман коногубуз.

"Элчиликтин эскерткенин угушубуз керек болчу," — деди эл аралык Валюта Фондунун акчасын чачып, "дүйнөнү куткар" деген долбоор менен жаңы эле Кыргызстанга келген Брет. Ал 11-сентябрда болгон окуядан кийин дароо Америкага аттанмак, бирок мен калаарымды айтканымда, ал да бир азга тура турайын деп чечкен болчу. Биз тиги жакка качкандарга кичине өйдөдөн карап калганбыз.

"Ай, койсоңорчу, балдар. Бу жигит бизди жардыргысы келген болсо, эбак эле тиги

очоктогу койдун башындай болуп калмакпыз. Бул жигиттин айтайын деген сөзү бар экен, ошону уккум келип жатат," — деди ӨЭУнун Майк деген бир волонтеру.

Теги италиялык америкалык бул мусулман менен жылуу учурашып, "отур" —деди да ага бир стакан кызыл шарапты сунду.

Чымыр эткен жаш жигит америкалыктардын бир тобунун андан коркуп кеткенине таңдангандай көрүндү. Кыргыздар ушунчалык тынч эл, алардын каалаганы эле бул жашоодогу тынчтык менен ынтымак. Бул жаш мусулман жигит бизди коркуткусу келген эмес. Ошондуктан ал жапыз үстөлдүн үстүнө акырын эңкейе баарыбыз менен кол алышып, учурашып чыкты. Анан жаздыкка чалкалай олтурду да, алдындагы кызыл шарапка көз таштады.

Менимче, ал эч качан шарапты оозуна алып көргөн эмес болуу керек, анткени жайлоолор кыргыз көчмөндөрүн түгөнбөгөн жана ууландырбаган жылкынын сүтүнө карк кылып турат. Айылдык кыргыздардын улуу-кичүүсү дебей, азыр аракты мурдагы орус эзүүчүлөр ичиргендей ичип жатышат. Ошондуктан бул биздин көчмөн коногубуз "батыштын коррупциясы" менен пивону татып көрсө да, эч качан шарапты ичпесе керек.

Жигит шарабын карап ойлонуп турганда, узак убакытка жашоо үчүн жаңы көчүп келген профессор биздин коопсуздугубуз үчүн начар кам көрүлгөндүгүнө наразы боло сөгүнүп алды. Профессордун атын унутуп калдым, бирок анын максаты Кыргызстандын билим берүү системасын өзгөртүү болчу. Ал 11-сентябрдан кийин кетмек эмес, анткени окута турган сабактарынын аягына чыга элек болчу.

"Эй, бизди бул жакка азгырып алып келген кызык жашоо, жанкечти бомбачылар жана улуттук тамактар эмес беле", — деди сезимтал Майк нервденип жаткан профессорго.

Ошондо профессор тиктеп калды.

"Кел анда, аңгемеңди угалы, бирок кыскараак айт, акча сураба", — деди балыкчынын фуфайкасы менен американын аскер шапкесин кийген юрист досум Жэк аны карап күткөнсүп калды. Адатта ал сыртынан суз көрүнгөн менен өзү башы жакшы иштеген киши. Мен анын соттордо көптөгөн оор талаштарга катышып, чечкенин көргөм.

Сүрдүү, тыкан борбор азиялыктын "каапырлардын" арасында олтурганына ал эмес, кээ бир америкалыктар шайдооттоно түштү.

Профессордун тынчсызданганы дале байкалып турду.

"Кыдырга жолуккандан кийин таятама анын батасы тийиптир, анткени жери жакшы түшүм берип, малы көбөйгөн экен. Анын карт айгыры алиге чейин улак тартыш, кыз-куумайларда жеңип келатат. Таятамдын атагы чыгып, чоң ийгиликке жетишкен. Ошондой болсо да анын жашоосунда бир чоң кайгысы болгон: балдарынын баары каза болуп, жалгыз кызы — менин апам гана аман калган. Таятамдын атын өчүрбөй улай турган, мал-мүлкүн мурастап калаар уулу жок калат. Ошондуктан таятам «Кыдырга жолукканда, мал сурабай, жан сурасам болмок экен» деп калчу.

Коногубуз ушул жерден мени тике карады да: "Менин мурасым ушул. Менин үйүм ушул. Мен ушул чыгыш салттары менен табигый рухий дүйнөдө жана чыныгы уламышта төрөлгөм".

Башкалардын бир аз жандана түшкөнү байкалды. Кээ бирөөлөр кыргыз жомогун анча деле уккусу келбесе да, мен үчүн мындай аңгеме терроризм, секс окуя, ж.б. жөнүндөгү жердештерим айтып түгөтө албаган мактанычтардан алда канча өйдө көрүндү. Анын үстүнө бул жигиттин бир аз табигый акцент менен англисче сүйлөгөнү уккулуктуу эле. Кийиз жыттанган боз үйдүн ичиндеги салаңдаган боолор чыныгы мифология үчүн кандайдыр бир атайы жиптен токулуп даярдалган театр сыяктуу анын айтканы менен айкалышып турду. Жомокчунун жанында жаткан койдун куйкаланган башы да ого бетер бул сүрөттөмөнү толуктап турду. Боз үйдүн сыртындагы жуушаган малдын үнү да бул укмуштай драмага аккустикалык кошумча эле.

Жигит минтип сөзүн улады: "Таятамдан Кыдырга жолуккан күнү тууралуу сурадым. Анын мага айтып бергени ошол күнүмдүн эң сонун учуру болуп калды. Таятам тектирдеги эгинди сугарып келе жатыптыр. Сугат каналынын жанына жеткенде, алдынан эшек

минген бир чоочун киши чыгат. Учурашкан соң, баягы киши таятамдан эмне каалларын сурайт. Таятам бай болгусу келгенин айтат. Эми таятамды түшүнсө болот: биздин айылдыктардын баары кедей. Силер, америкалыктар, билесиңер — бул тоолордо акча табыш абдан кыйын. Иштен чарчап келаткан таятам, албетте, жакырчылыкка баткан уруусуна жардам бергиси келди да.

"Кыдыр таятамды угуп бүтүп, батасын берип Теңир тоону көздөй бет алат.

Көз ирмемден кийин таятам артын караса, жанагы киши көздөн кайым болуп кетиптир.

Ошондо гана таятам Кыдырга жолукканын түшүнгөн экен да, баягы сураган тилеги аткарыларын билиптир».

«Ошентип, таятамдын иши илгерилей баштайт. Айылбашы шайланып, айланага калыс, адамгерчиликтүү адам катары даңазаланат. Кедей-кембагал, мусапыр-карыптар менен бечара-байкуштарга кайрымдуу, маанайы жарык, айкөл киши болгон экен. Ачыгын айтканда, менин баарынан жакшы көргөн, баалаган адамым таятам болгон».

"О дүйнөгө кетерде, ыраматылык таятам мени чакырып алып, акыркы батасын бергени эсимде. Ошол бата жанагы, кыргыздын аш-тойлорунда аракка тоюп алгандардын батасынан таптакыр башкача болчу. Ал тээ ата-бабалардын мурасынан ырыскы алып, аны али төрөлө элек тукумдарга өткөр деген керээзи эле.  Табият, эл-журт жана руханий дүйнө менен үндөшүүнү үйрөнгөнүбүздөй, таятамдын батасы да мага тарых агымын келечекте пайдаланууну үйрөттү. Ата-бабаларымдын учугун улап, укум-тукумума шарапаты тийди", — деди жигит.

Боз үйдүн эшиги ачылып, сырттагы ашканадан чачыраган нур тейлөөчү кыздын жагымдуу келбетин тартты. Таттуу макарон салынган табакты көтөрүп, кыз ичкери кирди. Унчукпаган жылуу жүзүнө чийилген карапайым жылмаюусу табышмактуу ички дүйнөсүн чагылдырып турду. Аңгемечибиз болсо бир саамга койдун башын кызыккандай шыкаалай калды да, көзүн чукуп алып, аңгемесин уланта берди. Кыз да, биздин ага кулак салып атканыбыз да аны алаксыта албагандай.

"Таятам мага батасын бергенден эки күн өттү. Капыстан, апам катуу чаңырган үнү угулду да, шолоктоп ыйлап, үйүбүз шолоктоп, жоктоп ыйлаган адамдарга толду.

Досторум менен боз үйдү тигип жатканымда, кошуналарыбыз атам менен чогуу таятамды боз үйгө алып киргенге жардамдашып жатышты. Ошол боз үй эсимден кетпейт — ушунчалык кооз, көпкөк асман алдында, жапжашыл

жайлоонун көркүн ачып, ак калпактуу тоолордун арасында кереге-ууктары кыпкызыл болуп жаркырап турду. Мен үчүн дүйнө астын-үстүн болгондой сезилди, бирок боз үй болсо былк этпей тура берди.

"Боз үйдү кызыл кереге-ууктарын калың, аппак кийиз менен жапканыбызда бейтааныш жигит таятамды ичине көтөрүп кирди. Элди эмне эл кыларын мен билбейм, бирок боз үйсүз менин элим кыргыз болбой калмак" — деди жигит. — «Мен таятамдын жанында түнү бою турдум».

Мурунку көздүн жанында экинчиси дагы жатканын байкадым.

Менин америкалык коллегаларым бул чабан баланын Орто Азиянын сериалынын бир жазылбаган эпизодун айтыш үчүн жакынкы балачалыгынан, байыркы бабалардын мурасынан да тартканын көрүп жатышты. Мен

Кыргызстандагы убактымдын көбүн саясатчылар менен өткөрдүм. Алар менен ар саясаттын башын талашып-тартыштым. Эми карачы, мынабу карапайым айылдык баладан бул башаламан дүйнө жөнүндө үйрөнүп жатканымды. Жан-дүйнөмдүн түпкүрүндөгү кандайдыр бир үн мени «ушул баланы ук» деп үндөп жатты. Менимче, жанымдагылар деле бир нерсе үйрөнүп алалык деп олтурушту болуш керек. Жергиликтүү адамдардын көбүнөн айырмаланып, бул бала эч кимге жагалдангысы келген жок. Ал "жашыл кагаздан" да, америкалыктардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгондон да башка бир нерсени каалады. Таң калыштуусу, биз баарыбыз аны кунт коюп угуп жаттык.

"Ошол түнү таятамдын жанында турдум. Көз жашым төгүлүп, бышактап, олтуруп-туруп, ойлорум ар жакка учуп жатты. Чырактын билиги түгөнүп үлбүлдөп баратты. Анын жарыгы айланамдагы чапыраштты керегелердеги айкаш жыгачтарда бийлеп жатты."

Жигиттин шыпыргандай шилтеген колу биздин көзүбүздү керегелерге кадады.

"Ушул түндөгүдөй эле түн болчу," — деди ал, — "бирок кызыл уuктар килейген кан тамырлардай көрүндү. Баары тирүүдөй сезилди."

Аңгемечи колдорун жаңсагылап, үнүн ушул элге мүнөздүү тонго өзгөртө баштады. Же үйдөгү уюлгуган сырдуу кудурети, же бул жигиттин ата-бабаларынын тарыхынын эпкиниби, же ички жан дүйнөдөн чыккан бир нерсеби, айтор кандайдыр бир күч жан дүйнөбүздү демитип, сүрөп, бир нерсеге ойготуп жаткансыды. Ошол дем абаны улам толтуруп баратты. Баланын үнү бир кызыктай ритмге түшүп, тону басандап, тулку бою чайпалып жатты. А балким ал көрүнбөгөн жүрөктүн космостук согуусун тапкандыр. Эмне болгонун так билбейм, бирок жүрөгүм майдаланып бара жатканын сездим. Боз үйүбүз жылуу кафеден мини театрга айланып калды. Кандайдыр бир жандуу ийбадатканага окшошуп кубулуп баратты.

Бир шам күйүп бүттү. Калган шам бул кыргыздын тегерек бетинин бир капталын кызгылт нуруна чагылдырып турду.

Биздин жаңы молдобуз өз насыйкатын улантты: "Өлүктөр менен тирүүлөрдүн мамилесин сезгендей болдум”, — деди жигит. Биздин мынабу тоолорубуз таятамдын боз үйүн көктөн келген демге бөлөдү. Айланабыздагы кан тамырлардын айкалышын кадала карадым. Мен билем, таятам анын жанында турганыма кубанды, бирок кыймылдаган жок. Аны орогон кездемеден башканын баары кыймылдап жаткансыды.

"Аны менен сүйлөшкүм келди, сапарыма чыгарда кеңешин уккум келди. Кыдырды кантип таанып калыш керектигин кайрадан сурагым келди, анткени аны таап, батасын сурап алып калыш мен үчүн парз. Арийне, таятамдын жообун билчүмүн. Ал мага бир нече жолу айтып берген: Кыдыр өңүн кубултуп турат, аны сыртынан таанып алуу мүмкүн эмес. Бир гана белгиси — бул анын колундагы чуңкуру".

Жаш шаман жетекчибиз теги италиялык америкалыктын колун шап кармай калды да чуңкур издей баштады. "Жумшак жериң да, чуңкуруң да жок экен — Кыдыр эмес турбайсыңбы, — деди ал. “А мейли, кел, мени менен бирге койдун көзүн же, анан жолдош болуп алиги ыйык кишини чогуу издейбиз". Мусулман көздү дароо жутуп жибергенде, каратору америкалык койдун экинчи көзүн дале шыкаалап олтурган. Акырында, алтын балыкты чогуу жутуп жүргөн жоро-жолдоштору менен жигит чагын бир эсине түшүрүп алды да чалкалай түшүп, муздак, куурулган көздү оозуна салды. Тамаша бүткөндө, жаш кыргыз колун теги италиялык америкалыктын ийнине арта салды да, көзүн теше тиктеп: "Бир баштын эки көзү сыяктуу чогуу сапарга чыгууга шерттештик" — деди.

Анан башкаларга мындай деди: "Эл ичин аралап, сурамжылаштырып жүрүп, Кыдыр жөнүндө көп нерсе билдим. Анын касиеттүү саны 7 экен, ошондуктан жетинин бири Кыдыр болуп чыгышы ыктымал.”

Майк бизди санай баштады, Жекке жеткенде ал "Жети! Сен кыдыр турбайсыңбы" деди Жекке. Майктын бизге кошулганы жакшы, бирок анын тамашакөйчүлүгү токтобойт.

"Арабдар аны жашыл пайгамбар дешет, анын баскан жолун көк шибер дешет экен. Ал куурап бараткан жерге Кудайдын өмүрүн берет экен. Касиеттүү Куранда аны суулардын жанындагы Мусаны жетектөөчүсү катары сүрөттөйт. Анын балыгы – ал Курдандан чоң далил экен. Кыдыр пайгамбарлардын эң акылманы. Кийинчерээк сырдуу Кыдыр исламдагы кечилдикти жактырган суфи агымынын негизги дем берүүчүсү болуп калган. Биздин элде аны Кыдыр аташат. Бул сөздүн мааниси "кыдыруу" дегенди билдирет. Силердин европалык ата-бабаларыңар аны "кыдырган еврей" же "жашыл киши" деп аташкан. Биздин аксакалдарыбыз «аны көзгө илбегендер каргышка калат, ал эми жакшылап учурашып, тосуп алгандар алкыш алат» деп коюшат. Аны качан жолуктураарымды билбегендиктен, мен да

таятам сыяктуу бардык адамдар менен жакшы учурашканды бат үйрөнүп алдым".

Жэк, менин юрист досум бул жаш жигиттин дүйнөгө болгон көз карашына тамшанып олтурган. Биздин мурунку сапарыбызда да Жэк бул кичинекей, сонун элдин башкадан өзүнүнүн эч нерсесин аябаган меймандостугуна тан берген. Эми болсо, кыргыздардын ушунчалык жоомарт мүнөзүн жараткан ишеним кайдан чыкканын түшүндү.

"Кыдырды биздин уруубуздан акыркы жолу көргөн таятам болуптур. Кээ бир адамдар да жолуктурганбыз дешет, бирок ал калпычылар эч качан таятамдай өнүп-өсүшкөн эмес.

"Эми таятам жок".

"Элибиз жакшы кишисин, айылбашчысын гана эмес, көккө салынган көпүрөсүн да жоготту.

Менин таятам биздин урууга жакшылык алып келүүчү жол эле. Үчүнчү күнү көчмөндөрдүн салты боюнча чоң атабыздын сөөгүн боз үйдөн чыгарып, жайына койдук. Ошондо биз ырыскыбызды кошо көмүп салгандай болдук. Эми, бакыт кушун кайра кондуруп, Кыдырдын ак батасын элибизге кайрып алганга чейин биз жоголгон уруу боюнча калабыз... Ыраматылык таятам менин Кыдырга жолугуп, анын ишин аягына чыгарарымды көп айтчу."

Тагдыр мырза азиялык чоң көзүн бизден албай, аңгемесин улантып, "Түшүнүп жатасыздарбы? Мен Кыдырга кайра жолугуп, анын берген батасын кайра калыбына келтирүүгө тандалганмын. Келечегим мен көтөрө алгыс оор жүк болуп калса да, ал мени мурда элестете алгыс бийиктиктерге чыгарып жатат. Мен өз парзымды аткарамын! Таятамдын сөздөрүн орундатам. Кыдырдын ак батасы элиме берилген. Ошол бата иш жүзүндө көрүнгүчөктү мен Кыдыр таштап кеткен ар бир илинчекти — аксакалдардын акылмандыгынан тартып, чоң энелердин ушагына чейин изилдейм.

Майрамдарыбыздагы, уламыштарыбыздагы, биздин улуу эпосубуздагы анын калтырган издерин текшерем. Кайда барсам да аны издейм деп чечтим.

Беш жыл мурда окуганы шаарга келгем. Философиядан берген мугалимим абдан кыйын киши эле. Ал Кыдыр жөнүндө, Борбор Азиядагы эпостор менен баатырлар тууралуу көп айтчу. Искендер Зулкарнайндын жардамчысы (Александр Макендонский) жашыруун мүрөк суусун таап алып, Кыдырга айланып кеткен дечү. Англис тил мугалимибиз болсо философиядан айтылгандардын көпчүлүгүнө каршы чыкчу, ал эми политологиядан берген агай болсо Курман айт күнү Кыдырды жолуктурган байкеси жөнүндө айтчу. Бирок бул менин "дүйнөлүк искусство" сабагым, ошол тууралуу мен силерге айтып бергим келет".

Аңгемечибиздин сөзүн бирөөнүн жөтөлгөнү бөлүп кетти. Биз, америкалыктар, тез эле жадап кетебиз да, жерге узакка олтура албайбыз.

Батыштан Кыргызстанды башпааналап келген кызыктуу бир топ болуп олтурабыз. Баарыбыз тең «Кыргызстанга жакшылык жасайбыз» демиш болуп келгендерденбиз. Бул дүйнөнү жакшыртуу деген сыяктуу максаттар менен көбүбүз кыргыздардын проблемаларына акча, идея же динди чачканыбыз менен шерденип мактанабыз. А бирок бул иштер жергиликтүү эл менен аралашуудан алда канча оңой. Кээ бир селсаяктарыбыз бир тыйыны жок келип алып, бул көчмөн маданиятка табынып, кыргыздарды кудайдай сездирмекчи болуп, куру бекер жанталашат. Менимче, бул эки экстремум тең америкалыктарга таандык. Миллиондогон доллардар агып келип, миңдеген батыштык дербиштер бул ажайып тоолорду тепселегенден кийин кыргыздын элети алда канча жакырланып кетти. Биз өзүбүздүн каталарыбыз менен начар натыйжаларыбызды жабыш үчүн убактылуу жеңиштерибизди жарыялап,

ичкиликке берилип, жасалма түрдө жылтыратылган аңгемелерибизди, тимеле укмуш сыяктанып көрүнгөн отчетторубузду батыштагы офистерибизге бердик. Ачыгын айтканда, бул жерге биздин канчалык пайдабыз тийгенин мен билбейм.

Кээде биз ушул америкалык чогулуштарыбызды "жакшылык" кылып жатканыбызды көрсөтүү максатында эле уюштурчубуз го. А бирок маектерибиз дайыма "гумандуулук триумфтардан" донжуандык баатырдыгыбызга ооп кетчү.

"Уланта бер"— деди Жэк юрист.

"Эмнегедир "дүйнөлүк искусство" сабагымдагы сүрөттөргө кызыга баштадым. Өзүм да түшүнө албайм, бирок кандайдыр бир касиет мени сүрөттөргө тарта баштады, — деп улантты сөзүн жаш көчмөн. Көркөм өнөр китептеринен

сүрөттөр тууралуу көп окудум. Бөгүп жаткан ач карышкырдай ар бир сүртүмдөрдү изилдеп, Кыдырдын издерин ынтызарлык менен издедим. Аңчылыкка баш отум менен кирип алдым, жакындап калганымды билдим, бирок таба элекмин.  Ал издер колго карматпай жатты.

Китепканага барып, китептерди ачкан сайын жүрөгүм элеп-желеп болчу. Бир күнү аны көрүп калганымды билдим.  Мурдагы сүрөттөргө кайрылып, сүрөттөгү ар бир элести, сапар тарткан адамды, жакыр адамды кайра дагы карадым.

Анан бир күнү ал ошол жерден так бет алдымдан жолукту. Таятам сугат каналынын жанынан жолуктурган кишинин так өзү. Ошол эшекчен киши китепканада так менин маңдайымдагы сүрөттө турду.  Мен аны көп көрдүм, бирок эшек минген сүрөтүн көрмөйүнчө аны тааныган жокмун.  Ал сонун

эле.  Укмуш киши турбайбы.  Адамзаттын бүт чыгармачылыгы анын келбетине камтылган экен.

"Бaрактардан барактарга, сүрөттөрдөн скульптураларга, ислам исскусствосунан италия операсына өтүп, анын артынан ээрчий бердим. Ал Африка менен Жакынкы Чыгышты кыдырып, маданияттан динге сапарын улантты. Кыдырып барган жерлерине батасын берип, балээлерден айыктырып, ал жердеги элдерге таалим берип кете берди. Так таятам айткандай. Ал ыйык китептерден ооз эки дастандарга, байыркы мусулман акындарынын ырларынан дүйнөлүк искусствого өтүп, анан кайра Палестинага барды.  Эврей башатынан христианчылык аркылуу аралап исламга чейин кыдырган эле.  Иерусалим менен Голливуддан ары Самарканга чейин жүргөн.  Мурунку иконалардан, 21-чи кылымдагы технологияларга, перстердин адабияты менен орустардын романдарына, эфиопиялыктардын графикалары аркылуу сапарын улайт. Анын чеги жок, эч бир дубалдар аны кармай албайт.

Эч бир нерсе анын кыдырып жүргөнүн токтото албайт.  Ал эң эркин инсан.

Табышмактуу кыдырыбыз атчан чоролордой исскусствонун түрлөрүн аралай чаап, тарыхтын байгелүү чыйыр жолун салды. Сүрөттөр менен скульптураларда, драмалар менен кинолордо, поэмалар менен дастандарда Кыдырдын баатырдыгы бадырая көрүнүп жатты. Анын кереметтерин ар кандай цивилизациялар менен азыркы цифразация даңазалап жатты. Ар бир чыгармачыл адам Кыдырдын ар башка сапатын чагылдырды.

Исскусство Кыдырды абдан таасын сүрөттөйт. Кыдырдын ар бир кыймылын, деталын, жараатын, ал тургай анын чыныгы инсандык белгиси болгон колундагы тешикке чейин көрсөтүп, аны менен жанаша жүрөт. Ватикандагы Систин Чапел тарткан картинадагы кол да анын колу болчу. Бул менин жүрөгүмдө улуу күч менен ташкындаткан, акылым менен рухумду бириктирип, дилимде не деген керемет, таза кубаныч жараткан

чыгарма. Жан-дүйнөм сергип, жүрөгүм көкүрөгүмө батпай... Ошондо мен эпостогу баатырымды тапкам. Ошондо мен Кыдырды жана анын түбөлүктүү кубанычын тапкам.

Аңгемечи катуу толкундап, токтоно албай, анын тапкан табылгасы бизге да таасир берип турду. Ал бир аз алга жүткүнүп, реппер сыяктуу чайпалып турду.

"Кыдырдын колундагы тешик мени толук ынандырды — деди ал. Эч кандай күмөн калбады. Анткени мен такыр кабыл алам деп ойлобогон адам— бир гана ошого жолуксам деп самап келген адамдын өзү болуп чыкты. Ошол адам Иса эле. Ооба, Иса, эл жек көргөн каапырлардын Кудайы!"

«Туй ата!" деди көңүлү суук түшкөн профессор.

Жаш чечен эми сөзүн бөлгөнгө да көңүл бөлбөй сүйлөгөнүн уланта берди: "Кыргыз мусулмандары дүйнөдө ушул кишини гана тануунү окутушат. Ал — Иса.

Ошондой болсо да, жаш мусулман удургуган сезимдеринби, же башка бир нерсениби ичине жашырып жатты. "Ошону менен бирге эле бизди так эле Систин Чапел сүрөттөгөндөй, Иса кыямат кайымдагы сот күнүндө кайра келет деп окутушкан. Кыргыздар бардык адамдарды, ал тургай орустарды да жакшы тосуп алууга үйрөнүшкөн, бирок ушул «Исадан оолак болгула» деп бизге айтып келишкен. Биздин диний устаттарбыз ошол улуу олуяны жана анын тынчтык жолун биздин кабыл алышыбызга жолтоо болуу үчүн гана тээ алыстагы чөлдөрдөн келишет. Албетте, бул чет элдиктер бизге жылтыраган сонун ийбадатканаларды салып бергилери келет, бизди ыймандуу мусулман болуу жолдоруна окутушат жана 70 жылдык советтик түшүнүктөрдөн арылткылары келет. Бирок

алардын жүрөгү Иса жана анын китебине болгон жек көрүүгө толгондой сезилет.

Бактыга жараша, биз, мусулмандар, Исанын кыямат-кайымда келип, исламдын акыркы душманы шайтанды талкалаарын билебиз".

Муну айтып мусулман кыткылыктап күлдү. Күлүп жатканда, анын ийиндери сүлкүлдөп жатты. Ал нукура борбор азиялык жөнөкөй чабан бала эле.

Ошол учурда эшик ачылып, биздин унчукпаган тейлөөчү кызыбыз эшиктен кирип алдыбызга талпак салды. Анын кыймылдары жай жана камкор эле. Кыргыз реформатор болсо сөзүн улантты: "Чынын айтсам, Сталиндин атеисттик риторикасы менен экстремисттердин кылычы мени бактымдан айрый албайт. Гитлер менен Сталин сыяктуу биздин дин жетекчилерибиз да Кыдыр менен анын тынчтык жөнүндөгү кебин

бизден таптакыр алып таштагысы келишет. Алардын бул жоругу абдан кызыктуу."

"Урдум ошолорду", —деди Майк. Ал террористтерди жек көрчү. Ал дайыма Буштун аларды бомбалап салышын каалоочу.

«Эмне үчүн молдолорубуз Курандагы Иса тууралуу бизге калп айтышат? Бул туура эмес!" — деди отурган жигит тизелей калып.

"Бактыга жараша ак ийилет бирок сынбайт. Иса кайрадан өз элине, бизге келет. Ал бизге аяндарын берет, ар бир айылды аралайт. Жүздөгөн жылдар бою Кудай так ушундай кылып келе жатканы мага айкын болду. Биздин улуу суфи мугалимибиз болгон Жалал аль — Дин Руми ошол Нурду тапкан экен. Жана ал Иса менен бирге жүргөндөр түбөлүк өмүргө ээ болоорун айткан жана ал адамзатты Исанын өзүнө келбестен, Анын эшигине келгендерди

айыптаган. Ооба, улуу Руми диндердин Исанын эшеги же башка биринчи, экинчи орунда турган нерселер тууралуу кызыгып, Исанын жүрөгүн жана башка омоктуу ойлорду четке кагышканын билген. Кыдырды тансак, ыйык жер, касиеттүү мурастар, диний осуяттардын кимге кереги бар?" - деди жаш студент.

"Ырас эле, Машаяктын эшегинин кимге кереги бар?" — деди Майк.

Кээ бир шеринелештерибиз Майкка көңүл бурушту. Мусулман жигит болсо сөзүн улады: “Руми сыяктуу, биз, борбор азиялыктар нукура нерселерге гана ишенебиз. Уксаңар, досторум, ислам бул сыймыктана турган дин, ал ыйык иштерди аткарыш үчүн жаратылган дин. Ошондуктан Исанын эгемен кыялы жанталашкан жаштарыбызга ылайыктуу. Демилгелүү Кыдыр Иса баары бир менин замандаштарымдын арасына тез сүңгүп кирип

бара жатат. Ал азыр биздин тилде сүйлөп жатат!

Кыдыр Иса бирде көмүлөт, эртеси кайра тирилет. Азыр ошол четке кагылган Кыдыр Кыргызстанда да кайра тирилип, элдин баарынын оозуна алынды. Ал биздин тоолорубуздун олуя-пайгамбары. Ал кылымдар бою бизди эзген оорчулуктарда, ачарчылыктарда жана биз жеңилүүгө учураган убакта да биздин арабызда болгон. Ал бизди билет.

Качандыр бир кезде аны исламдын эшигинен сыртка түртүп чыгарышкан, бирок ал бир күнү башка эшиктен кирет. Ал келгенде Араптардын муунткан өзүмчүлдүгү менен Американын канкордугун ачык айтат. Ал ак жүрөк жана мээримдүү. Биздин жараланган элибиз анын айыктыруусун эңсеп, анын керемет өмүрү менен таанышуу үчүн жашыруун чогулуштарга келишет.

Ал бизди окутууга укуктуу болгондуктан менин элим аны угуп жатат».

“Жетишет! Эмне үчүн бизге келдиң, айтсаң!” деп ачууланды профессор.

Улан сөздү издеп, жооп бергенге аракеттенди: "Кыдыр Иса террордун жүзүнө тик карайт. Ал исламга Алла үчүн курман болуунун маңызын көрсөткөн. Бул эркиндик үчүн күрөшкөндүн сөзү ушунчалык ыйык болгондуктан, Куранда Исанын бешиктен эле адамзатка кайрылып сүйлөгөнү айтылат. Алла Исанын сөзүндө чоң маңыз бар экенин айткысы келгени көрүнүп турат. Ошондуктан Куран китебибиз да Исанын Инжилиндеги окуяларды Алланын чыныгы аяны катары эсептейт жана ырастайт. Куран Исаны бүт адамзатка болгон жышаан жана белги деп эсептейт», — деди.

Жек башын ийкейди.  Анан ал кыргыз мага тике карап "Түшүнүктүүбү" деп сурады.  Мен анын тике көзүн карап, анан башымды эле ийкедим.

“Исламдын айыктыруучусун четке кага берсек, жанагы капчыктуулар менен террористтер мыйзамдуу мусулман бойдон кала беришет. А эгер бир кезде өзүбүздүн "кайра жаралуу убагыбыз" келгенде, биздин балдарыбыздын башын ачууга толтуруп атышкан чала молдолор менен макул болбой калабыз.

Исламда жаңы жылдыз жанды. Мен анын жылдызын көрүп, наристе султанды табам деп чыгыштан келдим. Аны чабандар курчаган жыттуу сарайдан, Курандын аяттарына жана жергиликтүү уламыштарыбызга оролуп жаткан жеринен тапканыма таң калдым. Тилекке каршы, биздин кооз диний эрежелердин жана Арабиянын ордосунда ушул жаш султанга орун жок болчу. Ошондуктан Куранда Алла Исаны жана анын энесин өзөндүү тынч тоолорго,

куугунчулардан алыска качырып жиберди деп жазылган. Ошол эле жерде Алла менин таятама, карапайым көчмөнгө Исаны таанытты.

Ал мени дагы карап, менден бир нерсе издегендей болду да, анан сөзүн улады: "Мен биздин Машаяктын активдүүлүгүнө суктанам. Ал молдонун ажаан айкырыгынын алдында бийлебейт. Наалыганы тыйылган арабдар үчүн чуркабайт, бирок жөн отура бербейт. Жок, Иса чыныгы исламдын жакшылыгын өзүнүн боорукердиги, тасирлүү дем берүүсү жана айоосуз кечирим берүүсү аркылуу көрсөтөт.

Ал издегендердин көзүн ачат. Байыркы сүрөтчүлөр, жергиликтүү акын Алишер Навоинин жана биздин Чыңгыз Айтматовдун көкүрөгүн ачат. Кыдыр Иса адамзаттын эң атактуу кишиси болуп калганынын себеби, ал куралдарыбыздын да, акылсыздыгыбыздын да «кереги жок» дейт.

“Кызык экен, ушул эле Иса көп келесоолорду текебер адамдарга айландырат”, деди профессор.

Профессордун сөзү жигитибизди олку-солку кылды го деп ойлодум. Күчү азая баштагандай, жигиттин батымдуулугу азайганын байкадым.

"Биздин Кыдыр – бул силердин Христосуңар. Ал бул дүйнөдө жашап өткөндөрдүн арасындагы эң улуу инсан. Ар бир орто азиялык ушул Кыдыр менен жолуккусу келет," деди бала.

Бирок эч ким эч нерсе деп унчукпагандыктан ал бала сөзүн улантты: "Диний секталар жана алардын билимсиз жетекчилери Исанын улуулугун түшүнбөстөн, маанисиз иштерге күч жумшап, көп узабастан зыянга учурашат" деди ал.

"Ooба, алар анын эшегине же башка маанисиз нерселерге көңүл бурушат. Алардын башка маанисиз нерселерге көңүл буруусу эле агымды туура деп жактоого алып келет. Акылсыздар! Алар ар кайсы агымдарды бири-бирине байланыштырууну таптакыр каалашпайт", — деди Майк. Майктын 11-сентябрда Дүйнөлүк соода борборунда аманга жетпеген бир нече достору бар болчу. Майк өзү өтө деле сезимтал адам эмес, бирок ошондой болсо анын өз ичиндеги ээ-жаа бербеген сезимдери менен күрөшкөнү бизге билинди. Бирок, чынында, баарыбыз тең эле кыйналып калганбыз.

"Сен туура айтып жатасың, — деди мусулман Майкка карап. — Биздин рухий жетекчилердин баары окшош кийинет жана арызданагандары да окшош. Алар Кыргызстандагы башка топторго караганда көбүрөөк талап коюшат. Ар бири угат, радио, телевизор каналдары аркылуу кыйкырышып, арызданышып, өз абалдарын айтышат. Биздин молдолор элдин баарын коркунучка салышты. Алар Кыдыр Исага түз көз караште болгон адамдарды «эл душманы»

деп, элди ынандырып коюшту. Тилекке каршы, биздин журналисттер да азыр биздин алакандай элге Исанын жашоосу жөнүндө чындыкты окутуудан коркушат.

Алардын акылсыздык кылып, Кыдыр-машаякка каршы болгондугунун, натыйжасында Алланын каарына калып, чөлдө жашап жаткансып силердин жардам берүүчү программаларыңарга көз каранды болуп отурабыз. Жашыл Пайгамбардын батасы болмоюнча, бир да тоодогу мусулман жери эч качан өнүкпөйт. Ансыз биз эл аралык тынчтык үчүн эч кандай салымыбызды кошо албайбыз.

Эгерде исламдын улуу айыктыруучусу менен биримдикте болбосок, анда биз дагы эле исламга олуттуу караган жокпуз.

Ошондуктан Руми бизди ашаткан. Алла биздин Исанын эшегине же башка диний мыйзамдарга

көңүл бурушубузду каалаган жок. Жаратуучубуз чыныгы Исаны түшүнүп, Ал бере ала турган мүрөк суусунан ичишибизди каалайт" деди жаш устат.

Жэктин чөнтөгүндө жашыл жарык күйүп турду, бул биздин маегибизди жазып жаткан диктофон эле. Бул жолу Жэктин ошол жаман диктофонун көтөрүп алганына кубандым. Анын адамдар менен курган маектерибизди жазып баштаганына эки жылдын жүзү болуп калды. Буга анын биз жашап жаткан бул бурчундагы адамдардын убадасына турбай коюшкандыгына ачууланусу себеп болгон. Жэкти мен бийликтеги адамдар менен болгон жолугушууларга ээрчитип алар элем. Бир жолу биз губернатордун офисине бардык, бирок ал офисинде жок эле. Жэктин ачуусу келип, диктафонун алып чыгып, офисте иштеген секретарга губернатордун "шаршембиде саат 10до кел" деп чакырганын угузду. Андан кийин Жэк секретарга карап: "Бүгүн шаршемби! Саат он болду. Мен келдим! Ал кайда?" деп кыйкырды да, диктафонун иштетип анын

оозуна такап жооп күтүп калды. Анан губернатор кирип калды.  Ошондуктан Жэктин кичинекей диктафону мага такыр жакчу эмес.

"Көрдүңөрбү, Иса жөөттөрдүн устаты, же исламдын мессия-месихы, христиандардын кудайы гана эмес, ички Азиянын негизги олуясы, Кыдыр биздин түбөлүктүү олуя-пайгамбарыбыз. Ал Кудайдын оң колу", деди илимпоз чабан.

Боз үйдүн эшиги бизге кызмат кылып жаткан кыздын артынан жабылды. Аны менен кошо кээ бир кумар-кыялдар да чогуу чыгып кеткендей сезилди.

"Бул кыз чыныгы мифология, ал Кудайдын жакшылыгын көрсөтөт экен", деди Майк.

Американлыктардын кээ бирине "Иса жөнүндө сүйлөшүү" жакпай калган эле. Биз үчүн мусулмандардын машаягына караганда, мусулман кыздардын түшү кыйла жеңилирээк болмок.

Тейлөөчү кыздын сырдуу мүнөзү жана тоо шамалына тотуккан монголоид кебетеси бизди толкундантып турду. Биз «эмне кааласак, ошого жеткен», күчтүү деп эсептелген эркектер болчубуз.  Ал бизди тейлеп жаткандагы жибек кемсели, чыптап турган юбкасы менен жүрсө да, же Ала-Тоо жайлоосунда бээ сааганда кийип алган эскирген алжапкычы менен жүрсө да, кийгендери көчмөн табиятына төп келип, жарашып турду. Анын илбериңкилиги кандайдыр бир сексуалдуу да көрүндү. Бирок буга салыштырмалуу, орто аяиялык Иса мындан да жогорураак кубаныч тартуулаганга убада берип тургансыды. Менде бул жөнүндө утууга күчтүү каалоо пайда боло баштаган эле.

Жэк бизди чогултууга милдеттүү адам эле. Ал абдан майдачыл адам. Ошондуктан ал бул күтүлбөгөн мүмкүнчүлүктөн колдонуп жатты. Жэк биз бет келген мусулман дүйнөсүнүн аягы жок талаштары жөнүндө суроолорго жооп алууга кызыгаарын мен билчүмүн. Ал жаш жигиттин сөзүн аягына чыгуусун өтүндү.

"Бир түнү мен төшөгүмдө жатып Исанын кыдырып, кыдырып дагы эле кыдырып жүргөнүн элестетип жаттым. Ал дептеримдеги сүрөттөрдөн баштап кыдырып, менин кыялдарыма келди. Ал искусство дүйнөсүнөн келип, мусулман акындарына насаат айтып, кайрадан Палестинага барды, өзү жөөт болсо да христианчылыктан исламды көздөй жөнөдү. Биздин доорубузга чейинки жарларынан, биринчи кылымды аралап, жыйырма биринчи кылымдын кинолорун, Перс менен орус адабияттарын андан ары кыдырды. Ал азиялыктарды, арабдарды, америкалыктарды жана африкалыктарды айыктырып жүрдү. Кыдыр Исанын диндерди да, доорлорду, да улуттарды да эркин кыдырганын көрдүм. Ал

үчүн эч тоскоолдук, эч кандай дубал жана эч бир чек жок эле. Аны эч нерсе кармай албайт жана токтото албайт.

Ал тарыхтагы бардык адамдардан да ашып, көптөгөн адабияттарга жана искусствого түштү. Бүткүл адамзат ага таң болот».

"Биздин Кыдыр, ал нукура чындык", — деди акырын жаш улан. Анан ал терең дем алып, айланасын бир карап эс алып алды да, "Мен бейиштин төрүндө жүргөндөй сезимдерге бөлөнүп, ырахаттанып жаткан элем, аңгыча эшиктин катуу ачылып, мени менен бир бөлмөдө жаткан адамдын кирип келгени жана жаңы эле аялзаты менен катышып келген жыты «бур» этип, оюмду бөлүп жиберди. Ал өзүнүн теспесин таап, жатаар алдында, Аль Фатих сыйынуусун окуп келген эле. Ошол убактан баштап мен чет элдик молдолор, батыштын бузуктугу жана советтик баш аламандыкка көңүл бурбайын деп чечтим. Мен чыныгы

кыргыз болуп, өз элимдин тагдырын табуу максатында, биздин бабабыз Манаска жөлөк болуп, жол көрсөткөн Кыдыр Исаны издөөнү чечтим. Кыргыздын эр жүрөктүүлүгүнүн маңызы да ошол", деди жаш улан.

Жэк жигиттин сөзүн бөлүп, "Сенин Кыдырың иудаизмдин Илиясына окшош экен" деди. Жаш улан биз отурган үстөлдөн артка карай чалкалап, эки колун артына алып кичине эс алып алды да, колун ар дайым кыргыздын шырдагына түшүрүлүүчү несторлордун белгисиндей жая салып таянып, анан Жэкти карап: "Мен молдолорго ишенбей калдым. Куран китебинде «Тоорат, Забур, Инжил жана Куран деген бардык ыйык китептерине ишенишибиз керек» деп жазылган. Мен бардык китептерди окуп баштаганда, иудаизм жөнүндө көп үйрөндүм. Мен Иса өзүнүн бөлөсү Жаканды Илияс деп чакырганын окугам. Алла Жаканга Илиястын арбагын берген окшойт. Ооба, түндүктүктөр кээде биздин Кыдырды "Илияс Кыдыр" деп коюшат. Кээ бири Илияс менен Кыдыр экөө чоогу кыдырат, Илияс бизди

суу аркылуу куткарат деп айтышат. Илияс жөнүндө болгону ушуларды эле билем", —деп жооп берди ал.

Биздин тейлөө кыз эшикте отурган эле. Мен анын ары-бери басып, анан бир нерсенин үстүнө отурганын, андан соң так мен отурган тушка, боз үйгө жөлөнгөнүн угуп жаттым. Эки сантиметр болуп тапталган жүн, кооздолуп жасалган чий жана бир нече жыгачтан кайчылаштырып жасалган керege гана экөөбүздүн ортобузду бөлүп турду. Мага анын себинген атырынын жыты сезилип, ал эмес анын дем алганынан бери угулуп жатты. Ал кайра-кайра ошол эле ордуна, менин артыма кайрылып келип жатты.

«Көчмөн пайгамбарлардын ооз эки айтылып келген уламыштары боюнча, "үчүнчү миң жылдыктын таңында, Иса жаткан көрүнөн тирилип, тарыхка жана бул дүйнөдө өкүм сүргөн жек көрүүчүлүккө чоң өзгөрүү киргизди.

Ал бизге өзүнүн ак кепинин калтырып, Орто Азияны кыдыруусун жана бата берүүсүн күчөттү. Анын жышаандары бардык жакта жана ар бир элде бар. Куранда жазылгандай, "Мариямдын уулу, Алланын деми, бардык элдер үчүн жышаан." Кашмир, Алтай, Ирландия уламыштарында Иса жөнүндө ибараттар бар — алар аны Жашыл адам, Тынчтык наристеси, Мессия, Месих, Мошаях, Машаяк, Кудайдын деми, Теңируул, Акыркы баатыр, түбөлүктүү Кыдыр, ж.б. деп аташат.

Ал абдан таң калычтуу. Тоорат, Куран, жана Библия дагы Ыбрайым пайгамбар Кыдырды сыйлап тосуп, анын ак батасын алгандыгы жөнүндө айтат. Жүйүттөр, христиандар жана мусулмандар, бардыгы Ыбрайымдан тараган тукум.

Убакыт, география, искусство, маданият, тарых, жада калса дин да, бардык жагынан Исаны көрсөтүп жатат. Анын сырдуу саякаты белгилүү

Жибек Жолуна жаңы касиеттерди кошуп, III дүйнөлүк согуштун босогосунда турган элди тынчтыкка чакырат. Ислам маданияты менен батыш маданиятына бөлүнүү алып келе турган эч кандай деле олуттуу себеп жок».

Жаш улан мени теше тиктей, сүйлөгөнүн улантып: "Буга ким олуттуу карайт?" деп сырдуу жылмайды. "Мен бул касиеттүү адамдын саякатынын издерин таптым! Ал Курандагы башка пайгамбарларга караганда, алда канча күчтүү жана өмүр берүүчү пайгамбарлардын өзү. Исламдын эң ыйык китеби, биздин Куран Ага исламдагы башка инсандардан өзгөчө ысым берет жана кереметтерди жасагандыгын айтат. Кайсы пайгамбар өлгөн адамды тирилте аларын барып, фундаменталист мусулмандардан сура. Экстремисттерден исламдагы кайсы пайгамбардын сейрек кездешүүчү, өзгөчө, улуу күчү бар экендигин далилдөөсүн сура. Алар Мухаммед, Муса жана башка пайгамбарларды көрсөтүшөт. Бирок өзүң Курандагы аяттарды окусаң, алар көрсөткөн аяттардан башка дагы, Исанын Месих экендигин ачык-айкын көрсөткөн

башка аяттарды, экстремизмдин туура эместигин же Исанын жашоосунун алардан канчалык айырмалангандыгын көрөсүң" деди.

Жигиттин жылмаюуусу өзүнө абдан ишенгендигин көрсөтүп турду. Ал эмес анын көздөрү да өзүнө бекем ишенгендигин көрсөтүп жылмайып турду.

"Сен чын эле Иса ислам экстремисттеринин туура эместигин ачыкка чыгарат деп ойлойсуңбу?" деп сурады Жэк.

"Ооба, исламдын негизи да, ошол курман болгон инсанда. Ал Алланын эркин эч канай куралсыз жана бомбасыз эле аткарат. Ошондуктан Куранда Алла Исаны бул дүйнөгө жана тигил дүйнөгө да үлгү кылып койгон деп айтат. Ал бүткүл ааламдагы эң сонун адам", деди ал.

"Дагы кимдер бул Иса жөнүндөгү былдырак менен башын оорутуп жүрөт?" деп сурады профессор.

Элдин баары динибизди азыркы имамдардын окутуулары аркылуу өнүктүрө албастыгыбызды билишет. Биз исламдын тазаланышын жана кайрадан жаңыланышын абдан каалайбыз. Биздин муун Алланын ыйык сөздөрүнүн негиздерине кайрылып, жаңылануусу зарыл. Бүгүнкү күндө болуп жаткан дүйнөлүк кайгыларга карабастан, жашоого акылмандуулук жана эркиндик менен бет алуу үчүн, биз таза абадай зарыл болгон Алланын демин каалайбыз. Алла баарынан ырайымдуу: ал биздин исламга Исаны кайрадан тааныштыруубузду каалайт.

Албетте, кээ бир ыйык молдолор мага маанисиз шылтоолорду же Гитлердин теорияларын айтып кутулушат. Жетекчилер өзүлөрү жапа

чеккен адамдар болумуш болушуп, «американыктар менен сиондуктар Ыйык китепти мусулмандарды өлтүрүш үчүн бурмалап салышкан» деп айтышат. Биздин мусулман жетекчилер дайыма «акылсыз адам өлтүрүүчүлүктөрдү батыштыктар кылат» деп, аларга көө жабышат. Алар баарын билип турушса да, ар кимге шылташат. Бирок мен диний жетекчилерге суроо берип, аларды жайына койгон жокмун. Мен бир нече молдолор менен имамдарга Куранда жазылган Алланын ырайымы жана Кыдыр Иса жөнүндө жазылган аяттарды көрсөттүм.

Бир кыргыз имам Курандагы аяттарды он сыйра окуп чыкты. Ал ошол аяттарды арабча, орусча жана кыргызча окуп чыкты. Ал арабча сөздүктү колдонуп, бардык түшүндүрмөлөрдү окуп, изилдеп чыкты. Анан Иса Алланын үйлөгөн деми экендигин билгенден кийин, биздин элди ушул убакытка чейин алдап келген чет элдик имамдарга абдан ачууланды. Мен билген кубанычка ал да батсын деп, ал кыргыз имам менен Кудайдын кечирими тууралуу бир нече

жума бою сүйлөштүм. Азыр ал өзүнүн мечитинде Тоорат, Забур, Инжил жана Куранды окутат. Ал азыр *чоң имам, ал жашаган айылга* Кудайдын *зор батасын алып келген.* *Ал* таптакыр өзгөчө имам болуп өзгөрдү.

Билесиңерби, биздин эл жана башка мусулмандар Иса биздин Ыйык Жазууларыбыздагы эң улуу инсан экендигин түшүнгөндө, экстремистер өз аскерлеринен айрыла баштайт. Фундаменталистер милиондогон ишенимдүү жан кечтилерин жоготот. Ошондо биздин жаштар адамдарды рассасына карап бөлгөн имамдарды укпастан, тынчтыктын Падышасын ээрчип башташат. Азыр жаш мусулмандар ачуුга алдырып, ар дайым арызданып, ушунча кызганычтык менен молдо болуп жатышат. Иса болгон, азыр деле бар, аны ислам урматтайт, ал рухий күчкө ээ, саясатта да чоң салмакка ээ жана динде да абройлуу бойдон кала берет. Ал исламда кайрадан тирилген жана көптөгөн адамдарды өзүнө тартып жатат.

Сен түшүнүп жатасыңбы? Акылың жеттиби? Жер үстүндө бардыгын өзүнө бириктирген адам бул исламдагы жөөт", — деди бала.

Жэктин жүзү абдан табышмактуу көрүнүп калды.  Ал эми профессор болсо, көздөрү жабышып, уйкусу келип эстей баштады.

"Мен түшүнгөн жокмун", — деди теги италиялык америкалык, — "сен Иса мусулман болгон деп айткың келип жатабы?"

"Ал жүз пайыз мусулман жана кыргыз дагы! Ал кандай жөөт болсо, ошондой эле мусулман! Куранды окуп көр. Анда бул жөнүндө ачык жазылган.  Эгерде башың иштесе, окуп түшүнүп аласың. Канчалаган кылымдардан бери ислам журналисттерин, акындарын, Алланын деми аркылуу кыз Мариямдан

төрөлгөн Месих Иса жөнүндө жазгандарын куугунтуктап келди.

Кыдыр Иса өлгөндөрдү тирилтти, ооруларды айыктырды, сокурлардын көзүн ачты, өмүр берди, Ыйык Рухтун жетегинде жүрдү ж.б. Алар журналисттерди коркутуп-үркүтүп, түрмөгө камашып, Курандагы аяттар жөнүндө жазгандары үчүн аларды өлтүрүшкөн. Ал эми менин элим болсо, Машаяк жөнүндө билгилери келет, бирок алар көбүнчө биздин каныбызга сиңип калган динден коркушат. Эр жүрөк кыргыздар гана ошол коркунучту жеңе алышат. Бирок мээримдүү Алланын атынан аларга каршы жихад жарыялап жатышат».

"Иса! — деди Жэк. — "Сен эмне миллиондогон мусулмандар Исанын момундук менен кылган иштерин тууратанга даяр деп айткың келип жатабы? Ошол мусулмандар диндин бузулгандыгына жана адамгерчиликке жатпаган

түшүнүктөргө каршы турушмак беле?» — деп суроо узатты Жэк.

"Бул эчак эле башталган", — деди мусулман.

"Ишенбейм, — деди Майк. — "Мен миллиондогон террористер Исанын эшегинин жолдору менен жүрүп, аны ээрчип бара жаткандарын элестете албайм».

"Террористтердин каалоосу эмне? — деп сурады улан. Алар дүйнөнү өзгөртүүнү каалашат. Силердин муун биздин муунга канааттандырарлык эч нерсе калтырган жок. Биздин муун чындыкты каалайт", — деди ал. — Биз жасалма христианчылыктан жана тажатма исламдан чарчадык. Биз батыштын бийлигинен, фундаментализмдин динди өз кызыкчылыгы үчүн колдонуусунан тажадык. Бизге кайгыны тең бөлүшкөн, дайыма чыгуу жолдорун таба билген жетекчилер керек.

Кыдыр Иса так ошондой. Бирок динчил, саясий коом бизди коркутуп-үркүтүп жаткандыктан, аны ээрчүү кыйын. Ошондой болсо да биз Исага окшоп, Алла үчүн жан бергенге да даярбыз. Биз дүйнөнү өзгөртүүгө даярбыз. Исанын сөздөрү ташты талкан кылуучу сөздөр.

Ооба, биздин диний жетекчилер бизге каршы чыгып, бизди өлтүрүп салышы да мүмкүн, себеби алар чыныгы эркиндикти эч качан билишкен эмес. Алар чет элдиктердин жетеги жана үйрөтүүсүз эле бардыгын жасай алаарына өз элибиздин кубаты жетээрин элестете алышпайт. Бирок биздин муун андай эмес. Биз бабаларыбыздын ак үмүтүн түшүнө баштадык. Биз тирүүбүз. Биз эркинбиз. Биз эр жүрөкпүз жана биз акылдуубуз. Тарыхтагы башка муундарга караганда биз чындык менен жалганды алда канча жакшыраак айырмалай алабыз».

Ал кайрадан күлүп баштады.

Майк анын сөзүн бөлүп, "Сен эскилик жөнүндө кабатыр болуп жатасыңбы? Кабатыр болбо жигит, алар бат эле өтүп кетет.  Башында алар күчтүү сыяктуу көрүнүшөт, андан кийин чирип баштайт да, жоголот. Ошондуктан кабатыр болбо", — деди Майк жаш уланга.

Майк жаш уланды угуп, ал экөө жакшы тил табыша албай жатышты. Ал улан мага өзгөчө көңүл буруп сүйлөп жатты. Ал атайылап эле өзүнүн сөздөрүн менин кулагыма кумдай куюп жатты. Эмне үчүн? Эмне үчүн мен?

"Диний башкаруучулар эч качан биздин ата-бабаларыбызды уккан эмес жана Куранды түшүнүшкөн эмес. Алар Кыдырдын таза окутуусун кабыл алышкан жок. Ошондуктан алар биз үчүн тажатма жана алар чыныгы Кудайдын окутуусун окутушпайт.

Биздин муун Иса сыяктуу, энелик мээримге бөлөнүп, куралсыз жашагысы келет. Мусулман бейишке чыгыш үчүн сөзсүз эле жөөттөрдү жана америкалыктарды өлтүрүшү керек эмес. Тескерисинче, бейишке барууга каалосу болуш керек жана бул дүйнөдө жашап жүргөн кезинде анын баасын төлөшү керек. Мен өзүмдү Иса Алланын ырайымы деп жазылган 19- сүрөнү окуп тазалайм. Баарынан ырайымдуунун атынан мен өзүмө зор боорукердик табам жана жүйүттөргө барсам да, ишенимсиз каапырга барсам да же душманыма барсам да, аларга жакшылык кылам. Мен мындай момундук аркылуу келген курмандыкты түшүндүрүп берүүгө сөзүм жетпейт. Мындай иш кылуу — Алланын каалоосу. Бул иш мага абдан пайдалуу жана туура соопчулуктай сезилет.

Бирок диний жетекчилер муну жек көрөт. Мен Кудай үчүн жашап, өзүмдөн өзүм баш тарткан убакта, өзүмдү бүркүттөй эркин сезчүмүн. Мени оң жаакка чапкан адамга сол жаагымды

тосуп берген убакта, ата-бабаларымдын “таш менен урганды аш менен ур”, “атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер” деген сөздөрүн аткарам. Исанын курмандыгы гана мени накта кыргыз жана чыныгы мусулман кыла алат. Биз боорукердик кылбасак, исламдын чөлдөрүнө кайрылып келебиз.

Ошондо кыргыз аялдарынын жүздөрүндө кайрадан жылмаюу келет", — деди.

Муңканган үнүнөн анын курман болгон, зордукталган, угуп кулагыбыз күбө болгон, ала качууга кабылган аялдар жөнүндө ойлоп жатканы айкын болуп турду. Биздин досубуздун жүзүнөн кайгысы көрүнүп турду. Ал тамырлары көрүнгөн колдору менен муштумун бекем түйдү.

"Иса — бул жөн эле жомок," — деди эл аралык Монтери фондунда иштеген Брет.

Баардыгы саамга унчукпай калышты. Мусулман жигиттен башка эч ким Исаны коргогон жок. "Көбүнчө батыштыктар, силер чын дүйнө менен байланышыңар жок жашайсыңар," —деди ал. "Мен исламдагы Иса аркылуу сыйындым эле, агамдын майып болуп калган баласынан Кудай жиндерди кандай кубалаганын өз көзүм менен көргөм. Азыр анын акылы, дени карды да куландан соо.   Иса чындык! Бул олуянын күчү аркылуу мен досумдун инисинин колу түздөлүп калганын көргөм. Азыр анын колу жакшы иштейт. Менин кошунам аракка берилген адам болчу, ал ачуулуу, үй-бүлөсүнө тынчтык бербеген адам болчу. Ал адам да Исанын күчү аркылуу бул жаман адаттарынан арылган. Бул ак батага биз муктажбыз. Биз Исага муктажбыз. Кечээ кечинде эле мен андан силер менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк берүүсүн сурап сыйындым эле. Мына азыр силер менен сүйлөшүп отурам. Өзүңөрдүн жалган дүйнөңөрдөн чыгып, бул чындыктарды көргүлө. Силердин Голливуд биздин дүйнөбүз эмес. Эмне үчүн түшүнбөйсүңөр? Силердин долларыңар Кыргызстандагы чоңдорго эле

жардам бербесе, айылдагы менин бөбөктөрүмө жетпейт.   Мага кармана ала турган негиз жана чындык керек. Мага бүткүл дүйнөгө таратып жаткан пайдасыз нерселериңердин кереги жок. "Мен силердин коомду оңдоо үчүн кичине катаалыраак адам керек деп ойлойм", — деди жаш Брет кызуу кандууланып.

Менин билишимче, кыргыздар конокту же улуу кишини башкарбаш керек деп айтуусу мүмкүн. Бирок кыргыз элинин арызданганынын да себеби бар.

"Бул эл эркин коом соодасын эч качан түшбөйт," —деди Брет Жэкке.

"Эмне? — деди Жэк. — Жап жаагыңды. Сөзүн бөлбө. Мен аны уккум келип жатат. Мен ал айтып жаткан нерселерди түшүнгөндү каалап жатам».

Жэк ага кезек бергенден кийин, кыргыз жигит сүйлөшүп жаткан темабызга кайра кайрылды: "Иса кандай мусулман болсо, Ал ошондой эле жүйүт жана христиан дагы. Биздин баардык оокаттарыбызда анын белги, жышаандары бар - мына баардыгы кызылдан, боз үйдүн төбөсүндө айкашкан жыгачтар бар.   Мына көрүп жатасыңарбы"? —деп көзү менен боз үйдүн түндүгүн көрсөттү.

Америкалыктардын баары үйдүн түндүгүн карап калышты. Түндүк да керегеге окшоп кызыл менен сырдалган эле. Түндүккө жетимиш уук бекитилген. Күндүзү түндүк ачылып, андан үйдүн ичине жарык кирет. Кечинде боз үйдүн ичи жылуу болуусу үчүн түндүк жабылат. "Боз үйдүн укмуштуу сүрөтү, биздин желектин сүрөтү же биздин улуттук баш кийимибиз калпактын оюулары, биздин тарыхый эпос жана ооз эки айтылып жүргөн улуттук дастандардан Кыдыр болгон издери

биздин маданияттын, диндин жана салттардын ар бирinde бар экендигин көрөсүңөр.

Менде силердин Христос-Мессия менен биздин Кыдырды салыштыра турган көптөгөн далилдер бар. Каалайсыңарбы, мен силерге окуп берейин?» — деди куудураган колдорун кара таар шымына сүртө. Ал өзүнүн кичинекей, уйпаланган дептерин алып чыгып, ачып окуп баштады:

"Кыдырдын да, Машаяктын да колунда алардын инсандыгын далилдөөчү тешик бар.

Биз дайыма «жетинин бири Кыдыр» деп айтабыз. Ыйык Жазуу да Исаны жети деген сан деп айтат.

Экөө тең чаң баскан жолдордо, саякаттап жүрүп башкаларга бата берет.

Экөө тең адамдарга жаңы ысым берет.

Экөө тең боорукер жана ачка адамдарды тойгузат.

Экөө тең «Кудайдын оң колу» деп айтылат.

Экөө тең көрүнгөндөн кийин көздөн кайым болушат.

Менин таятам Кыдырга жолукканда да так ошондой болгон. Инжилде да Эмаус жолунда шакирттери менен кетип бара жатканда, Исанын көздөн кайым болгону айтылат. Окуй берсем түгөнбөйт.

Бул кереметти окумуштуулар чыгарган теориялар менен эч ким жок кыла албайт. Же болбосо мусулмандардан Машаяк Иса, Мариямдын уулунун биздин Ыйык Жазуу, ыйык маданият жана ата-бабаларыбыздын ишениминде канчалык маанилүү экендигин сурап көр. Ал жөн гана ыйык адам эмес. Ал Жараткандын деми».

Брет «жетишет», деди да, биртке акча таштап, эшикти көздөй жөнөдү. Жэк Бретти токтотконго аракет кылды эле, бирок аракетинен эч пайда чыкпады. Бирок жаш улан жеңилип берген жок. Кыргыздар дайыма башка, чоң уруулардан четке кагылып, кордук көрүп келишкен. Ошондуктан боз үйдүн ичиндеги оңтойсуздук аны токтото алган жок. Мага ал жигит абдан жагып турду. Ал жигит капа болуп же ачууланбастан эч нерсе жашырбай өзүнүн оюн айтты.

"Сен бизден эмне каалап жатасың?" — деп Жэк кыргыздан сурады.

"Биздин эл үчүн бул кандай маанилүү экендигин силер түшүнүп жатасыңарбы? Тизме улана берет. Мына, көргүлө", деди мусулман үстөлдү тегеректеп отурган эркектерге.

Жапыз үстөлдүн үстүнө эңкейип Жэк орто азиялыктын колундагы тизмени карады. Бул Куран, Тоорат, Забур, Инжил, Руми, Айтматов, пайгамбарлардын китебинен ж.б. дан алынган аяттар жана сааптар жазылган, ар кай жери жамаачыланган эски дептер эле. Ал дептерде дагы кыргыз элинин макалдары, уламыштары, эпостон үзүндүлөр да ар түстөгү калем менен жазылыптыр. Булардын баарын ал башка убакта ар кайсы булактардан алып жазган көрүнөт.

Аңгыча биз дива деп жаткан, кызмат кылган кыз кирип дубалдагы шамды алып жаңысын алмаштырды. Ал боз үйдү тегеренип башка шамдарды да текшерип жатты. Ал кетип жатып жаш улан өз тилинде ага бир нерсе деп сүйлөдү.

Ошондо улан өзүнүн угуучуларына карап кайрадан кайрылды: "исламда биз силердин Жесусту "Иса" дейбиз. Мен кеп кылып жаткандай эле, Куранда да Иса өмүрдү

жараткандыгы жөнүндө жазылат. Иса өмүрдү жараткан. Ал силерге окшоп, батыштыктардай болуп клон жараткан жок. Ал андан да жогоркуну жаратты. Ыйык Куранда Ал топуракты алып, андан чымчык жасап, ага өмүрдүн демин үйлөдү деп жазылат. Жараткан Теңири Ата дагы, Адам атаны жаратканда ошол сыяктуу ага өмүр демин үйлөгөн. Ал эмес америкалыктар бардык технологияларыңар менен исламдагы Иса жасаган нерсени жасай албайсыңар.

Исламдын улуулугун көрдүңөрбү! Чыныгы исламда кыргыздын Кыдыры — Иса жөнүндө айтылган учурлар мол. Алла Таала «Тоорат менен Инжилди окугандардан үйрөнгүлө» деп Куранда айтат. Биз эки жүздүүлүк кылып, караңгылыкта сандалып жүрбөшүбүз керек. Бул Алланын эрки эмес, – деди ал башын ийкеп.

Исламдын жетекчилери батышта болуп жаткан бузукулук үчүн Исаны күнөөлөшөт. Жүйүттөр

да бүгүн дүйнөдө болуп жаткан алааматтар үчүн аны күнөөлөшөт. Силер, христиандар эр жүрөк Машаякты жоош жана момун адам катары эсептейсиңер. Бир туруп чектен чыгып, колуңар кычышып ар кандай иштерди кылып, молдолор Исаны жамандаганга шылтоо таап бересиңер. Мунун баары чыныгы Исаны элдер тааныбай калышы үчүн болгон шайтандын аракети.

Менин жекече оюм, эч кандай дин же саясатчылар, торго салып ушул адамдын эркин байлай албайт деп ойлойм", — деди.

Эшикте кимдир бирөөнүн ат чаптырып жүргөнү угулду. Бизге сүйлөп берип жаткан адамыбыз аңгыча колдорун кыймылдатып, ат минип бара жаткансып колдору камчы менен тизгин кармап бара жаткансып, Манас эпосун "реп" музыкасынын стилине салып айтып баштады. Анын азыркы "реп" музыкасын ооз эки маданият жана табигый ритм менен

келиштирип жатканын сүрөттөп айтып бергенге сөз жетпейт. Бирок анын  кылып жатканы көзгө тим эле укмуш көрүндү.

Бул эл өтө эле эркин жана өтө эле акылдуу болгондуктан диний мыйзамдарга баш ийбейт, ошондуктан сенин капасыңда жашабайт. Алар эркин дем алып, ар бир кылымга өздөрүнүн салымын кошуп эркин жашашат. Алар ар дайым үмүттөнүп, «тобоо» деп жашашат.

“А «кагылайын» деп улутунгандары ооба, тынбастан шарылдап аккан, Альпы композитору, мөңгү бийчиси, дарыя балладасы улана бер – бул жүрөктөн чыккан революция жана дем аркылуу билдирген нааразычылык дегенсийт. Муздак молдолор, жалган жалаа, сокур теориялар. Мени булардан куткар!» – деди жаш.

Көптөгөн жандар тешилген колду жогору көтөрүшөт! Ооба, Бул Кудайдын адамы, оң колун сунуп адамзатты Кудайдын кучагына алгысы келет! Угуп жатасыңарбы мени? Тоо күлкүсү жана биздин эркиндик.

Мага бул такыр жеңилбеген, тоолук адам жага баштады. Мен дагы ошондой эркин болгонду абдан каалайт элем. Менде табыгий музыкалык талант болгондо гана, аттиң. Башка убакта бул бала колледждеги музыкалык группадан го деп ойломокмун, бирок Кыргызстанда, өзгөчө кайра куруу башталгандан кийинки жаштардын арасынан мындай артисттик таланты бар адамдар бүткүл өлкөдө толтура экендигин көрдүм. Алар такыр өзгөчө. Алар университеттерде окушат. Алар коммунизмдин психологиясында же диний эки жүздүүлүктө өсүшкөн эмес. Алар азыркы жана байыркы коом жөнүндө түшүнүк алып өсүшкөн. Жайкысын алар кой багып тоолордо. Биринчи сентябрь келгенде, бардыгы Бишкек шаарына келишет да, апалары боз үйдө отуруп тигип берген Италиянын акыркы модасындагы

кийимдерди кийишет. Шаардан экономикалык өнүгүү тууралуу окуур алдында булар таякесинин уюн саашат. Музыка окугандар байыркы улуттук ооз комузун, чопо чоорун ойношот. Кой союп жаткан уландын арткы чөнтөгүнөн, чөнтөк телефонунан түрк элинин күүсү ойнойт. Ал 3000 жыл мурда Тооратта Жакыптын ата - бабалары койду кандай сойсо, так ошондой соёт. Ал телефонун алып, Майкрософтун чыга элек продукциясындагы бир түйүндү оңдоп койгонду да билет. Бул абдан таң калычтуу муун.

Чабандес улан репти аткарып бүткөн соң, кийиз эшик шалп этип ачылып биздин официант  кыз кирип келди. Ал жалпак бышырылган бир нече нан алып келип жигитке берди. Жигит чакырылбаган конок абалын өзгөртүп, бизди конок катары тосуп жаткан адамдын абалына өттү. Орто Азиялыктардын салты боюнча, ал бата кылып, анан нанды сындырып баштады. Анан үстөлдү тегеректеп отургандардын бардыгына бурулуп, бир сындырымдан нан берди. "Жегиле" —деди ал. Кээ бирибиздин

курсагыбыз ток болгондуктан, нандан баш тарттык. "Биздин достугубузду эстеп жүрүшүңөр үчүн жешиңер керек," — деди мусулман. Баардыгыбыз нандан чогуу жедик.

Ошондо теги италиялык американык өзүнүн көз айнегин алып, жогору көтөрүп, "Орто Азияда Кыдыр-Машаяктын тынчтыгы болсун," —деди. Мусулман жылмайып, италиялыкка рахмат айтып, шарабын бир жутуп түгөттү да, стаканды сындырып ийчүдөй үстөлдүн үстүнө «тарс» койду. Көптөгөн орто азиялыктарча ал да тостко кошулаарын билдирип, ичип жиберсе керек.

Анан ал көңүлүн боз үйдүн түндүгүнө бурду. Мага ал ошол жыгачтардан күч алып жаткансып сезилди. Көптөгөн чет элдиктер үчүн боз үй кооз көрүнүп, туристердин кызыгуусун туудурушу мүмкүн, бирок көптөгөн кыргыздар үчүн бул Мекедеги Кабаадан да ыйык. Элестетип көрсөңөр, боз үй Ыбрайым ата же

көчмөн олуя-пайгамбарлар колдонгон үйлөргө окшош жана төрүндө Мусанын "осуят сандыгы коюлган" сымал.

Ошол көз ирмемде мен жүйүттөр менен палестиндиктерди тынчтык жөнүндө талкуулоо үчүн ушул тоолуктардын боз үйүнө чакыргым келип кетти. Ошондо мен бул Орто Азиянын келечекте кыла турган иши экендигине ишенип баштаган кезим болду.

Жаш сопу өз оюн бир убакытка жыйнап, анан мындай деди: "Ошентип мен азыр Кыдырды таанып калдым. Бирок мага абдан көп кыйынчылыктар келди. Мен өзүмдүн айылыма келип аларга ачылыштарымды айтып бердим. Биринчи, бардыгы Иса менен Кыдырдын окшоштугун кызыгып угуп жатышты. Мен айылдын көптөн күткөн жамгыр келгенсип, кайрадан төрөлгөнсүп кубангандарын көрдүм. Бул менин жашоомдогу эң сонун күндөр эле. Андан кийин кошуна айылдын молдосу келип, өз элимди мага каршы тукурду. Ошол замат бардыгы мага каршы чыгышты. Алар мени

уруп-сабап, Кыдыр Исадан баш тартышымды талап кылышты. Бактыга жараша таятам мени Кыдырдын батасын алганга чейин чыдамдуу болуу керектигин үйрөтүп койгон эле. Мен ашты да батаны да коё бербешим керек. Иса – бул биздин тоолордун олуя-пайгамбары жана бабаларыбыздын ишениминин негизи. Таятам Кыдыр жашырып койгон өмүр берүүчү мүрөктүн суусун жана бейишке бара турган жолду көрсөткөнгө чейин, аны коё бербеш керек деп үйрөткөн. Андан кийин бул нерселерди мен элиме үйрөтүшүм керек жана ак батадан алыстатып жаткан кара дубаны бузушум керек. Мен бабаларымдын ишенимине кайрылып, өз элиме байыркы батаны кайрадан кайтарышым керек".

Ортодон Жэк сөздү бөлүп жиберди, "Ыбрайым сыяктуу, сен бардыгын артка таштап, элдер үчүн улуу батаны издеп жүргөн турбайсыңбы. Сен бизге айтып берип жатканыңа, өзүң чын эле ишенесиңби?"

Ал Жэкке жооп бербестен сөзүн улады: "Бизде ата - бабаларың унуткан баланын тамыры жок деп айтылат.  Алар куурап өлүшөт. Менин эмне үчүн келгенимди эми түшүндүңөрбү? Бүткүл дүйнө америкалыктардын ата-бабалары, биздин Кыдыр болгон, силердин Мессиядан бата алгандыгын билет. Ошондуктан силер эч нерсе кыйратпасаңар да, уятсыз бузукчулуктарды кылсаңар да, мүнөзүңөр маданиятсыз болсо да өркүндөп өсүп жаткансыңар. Биз батыштыктар жөнүндө эмне деп айтаарыбызды айтып берейинби? Ошондон кийин мен эмнеге келгенимди түшүндүрүп берем».

"Айт", – деди Жэк. Жэк абдан жакшы угарман, бирок ал туура эмес сындарды баарына белгилүү болгон америкалыктардын бузуктуктарын жана акылсыз теорияларын укпайт. Ал билимдүү адам болсо да, бирок динге берилген эмес. Анын күчү – чукуган жерден сөз тапкандыгында. "Айтчуңду батыраак айт", — деди Жэк.

"Силер итиңер менен чогуу жашайсыңар, элдин алдында чимкиринесиңер, чыныгы курал менен мектеп окуучуларынын оюндарын ойнойсуңар, идишке куйбай бөтөлкөдөн ичесиңер, бутуңарды дасторконго чыгарасыңар, улууларды сыйлабайсыңар, жылаңач жана уятсыз сүрөттөрдү жалпы маалымат булактарына чыгарасыңар. Көрүнгөн менен жана жаныбарлар менен жыныстык байланышта болосуңар, бардык ыйык нерселерди булгайсыңар, ылдый отурбастан басып жүрүп тамак ичесиңер, чындыкты булгайсыңар, силер америкалыктар келгенче чейин жашаган жергиликтүү элдерди басып алып, аларды өлтүргөнсүңөр,  келишимди бузасыңар, дүйнөдөгү алсыздарды кордойсуңар, чочко жыттанасыңар, «тынчтык үчүн» демиш болуп бомбалайсыңар, семиргенсиңер жана силерди баккан колдорду айыптайсыңар. Ушундай жапайычылык көрсөтсөңөр да ак батага ээ болгонсуңар. Эмне үчүн? Себеби силердин ата — бабаларыңардын бири биздин ыйык олуя-пайгамбарды кабыл алган окшойт. Силердин ата — бабаларыңардын баары акылсыз адамдардан эмес болчу; алардын кээ

бири өлкөнү куруп жатканда, Кыдыр Машаякка олуттуу карашкан экен", — деди бала.

"Ооба, — деди Майк, – биздин негиздөөчүлөрүбүз келесоолор болгон эмес. Алар бүтүрө турган иштерин бүтүрүп кетишти».

"Американлыктар мен силерге ошол себептен келдим, —деди улан. – Мага силердин акчаңардын же жардамыңардын кереги жок. Мага силердин адам укугун коргоо уюмуңардын же англисче программаларыңардын кереги жок. Мен силердин демократияңарды же христианчылыгыңарды үйрөнгүм келбейт. Мен жөн гана силердин ата-бабаларыңар Кыдырга жолуккандыгын айтып бергениңерди гана каалайм. Мага бул жөнүндө айтып бергилечи. Силердин аталарыңар бул батаны кандайча алгандыгын айтып бергилечи."

Ортодо жымжыртык өкүм сүрүп турду. Баарыбыздын эле дин уюм менен мамлекеттин бөлүнүүсү жана саясий жөнүндө айтып бергенге кудуретибиз жетмек. Мүмкүн биз диний эркиндик же Американын экономикасынын өсүшү жөнүндө да сүйлөп бере алмакпыз. Бирок бул суроого бирөөбүз да жооп бере алган жокпуз.

Жаш улан ата-бабаларыбыз Кыдырга жолуккандыгы жөнүндө качан айтып берет деп күтүп жатты.

Жэк бир нерсе айтып келе жатып, кайра токтоп калды.

Ушунчалык ыңгайсыз жымжырттык өкүм сүрүп турду.

Биз ата — бабаларыбыздын тамырын унутуп калдыкпы? Мен эки колум менен башымды мыкчыдым. Балдар үчүн чыккан китептердеги дербиштердин сүрөттөрү, "Биз Кудайга ишенебиз" жана "Биздин эл Кудайдын алдында" деген сыяктуу ураандар эске түштү. Биздин бабалар диний эркиндикти эңсегендерин билемин, бирок алар кантип Кыдырга жолуккандыгын билбейт экенмин. Мен Вашингтондун сыйынып жаткан сүрөтүн жана Вашингтондогу эстеликтеги Кудай жөнүндө айтылган макалдарды эстедим. Бирок биздин жаш изилдөөчү жигитке айтып берүү үчүн эки ооз сөздүн башын бириктире албай турдум. Башкалар да, ал эмес Майк дагы унчукпай отурду.

"Силердин бабаларыңардын Ага жолуккандыгы жөнүндө айтып бергилечи", – деп ал кайра суранды.

Ошондо мен дөңдөн машинанын түшүп келе жаткан үнүн уктум. Андан кийин машиналардын кыйчылдап боз үйдү көздөй келгени угулду да, эшиктер тарсылдап ачылып жабылып жаты. Ачууланган эл эшикте чогулуп жатты.

Эр жүрөк жигит "Эшиктеги адамдар түшүнбөйт, мен аларды кечирем", деди. Анан ал «жакшы калгыла», — деди. Мунусунан биздин отура беришибизди каалаганын түшүндүк. Ал бурулуп, боз үйдүн сыртындагы «ачуулуу» караңгылыкты көздөй басты. Эшиктеги ызы-чуу көбөйө берди. Аңгыча, динчил адам бүркөө кабагы менен боз үйгө баш багып, кыйкыра баштады. Италиялык «ал баланы биз тааныбайбыз» деп, ага жооп катары кыйкырды. Бир нече убакыт өтүп-өтпөй, ызы чуу кандай бат башталса, так ошондой эле бат тынчып калды.

А керегенин артында кыздын ыйлаганы гана угулуп жатты.